КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
ТҮГӨЛ-САЙ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
ТҮГӨЛ-САЙСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

722115, Түгөл-Сай айылы
,Т.Жээналиев көч 23
тел.: +(996) 504160885

722115, с Тугель-Сай
ул.Т.Жээналиева 23
тел.: + (996) 504160885
tugolsaiao@mail.ru

722115 Tugolsai ,
Str.,T.Jeenaliev23,
tel.:+ (996) 504160885

**Нарын облусу,Жумгал району,Түгөл-Сай айылы.**

**2023-жылдын 17-июлу**

**Түгөл-Сай айылдык Кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 20-сессиясынын**

## ТОКТОМУ №44

**"Түгөл-Сай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги ПЖ №85 "Нарын облусунун айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жөнүндө" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" мыйзамдарын, Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Түгөл-Сай жана Таш-Дөбө айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен Түгөл-Сай айыл аймагынын айылдык кеңеши болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

-Мамлекеттик тилде: "Түгөл-Сай айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемеси;

-Расмий тилде: Учреждение "Айылный кенеш Түгөл-Сайского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

-Мамлекеттик тилде: "Түгөл- Сай айыл аймагынын айылдык кеңеши" м-и.

- Расмий тилде: У-е "Айылный кенеш Түгөл-Сайского айылного аймака"

2. Түгөл-Сай айыл аймагынын айылдык кеңешинин Жобосу бекитилсин.
3. Түгөл-Сай айыл аймагынын айылдык кеңешинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Нарын облусу, Жумгал району,Түгөл-Сай айылы, Жээналиев Токтосун көчөсү №23 болуп аныкталсын.

4. Юридикалык жактын уюштуруучусу - жергиликтүү кеңештин депутаттары.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн. Буйрукта көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат

**Төрага:** **Ишенбек уулу Жолдошбек**